## *География, экология жана туризм факультети*



География –жер жөнүндөгү байыркы илим

Азыркы убакта коом менен жаратылыштын өз ара байланышынын көйгөйлөрү жаңы маңызды түзүп, коомдун материалдык, социалдык жана руханий жашоосуна ар тараптуу таасир берет жана аларды чечүүдө географ, эколог жана туризмологдордун алымы чоң.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттукуниверситетинин көп жылдыкт ажрыйбасы бар, эл аралык стандартка жооп бере турган география, экология,гидрометеорология жана туризм тармагы боюнча фундаменталдык билим алууну география, экология жана туризм факультети сунуштайт.

География, экология жана туризм факультети Кыргыз Республикасында жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо боюнча борбор болуп саналат.

Факультетте эки баскычтуу система боюнча билим берүү жүргүзүлөт: Бакалавриат-4 жыл(5 жыл сырттан окуу). Магистратура – 2 жыл, (2,5- жыл сырттан окуу) Факультетте «География», «Экология жана жаратылышты пайдалануу, «Гидрометеорология» жана «Туризм» багыттарында жогорку фундаменталдык билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болосуз.

- **Бакалавриат:**

- ***География* багытында (520400)**
  - физикалык география;
  - экономикалык,социалдык жана саясий география;

- ***Туризм* багытында (600200)**
  - Туризм тармагында илим изилдөө иштери жана проектирлөө
  - Туристтик тейлөөнү жана туристтик оперейтингди уюштуруу технологиясы

- ***Экология жанажаратылыштыпайдалануу(520800)***
  - Геоэкология
  - Экология жана жаратылышты пайдалануу

- ***Гидрометеорология (520600)***
  - прикладтык гидрология
  - прикладтык метеорология

4 жылдык билимден кийин (бакалавриат) магистратурага тереңирээк билим алууга төмөнкү багыттар жана профилдер боюнча тапшыра аласыз:

❖ **Магистратура:**

○ ***География багытында***

- физикалык география;
- экономикалык, социалдык жана саясий география;
- дарыя алаптарында жаратылышресурстарынинтеграциялыкбашкаруу (Эрикин Берлин Университети)

○ ***Экология жана жаратылышты пайдалануу багытында***

- экология;
- экология жана жаратылышты пайдалануу;
- геоэкология

○ ***Туризм багытында***

- туристтик тармакты уюштуруу жана башкаруу
- туристтик – географиялык изилддөөлордүн методикасы.

ЖОЖдогу педагогикалык ишмердүүлүкө жана илимге жөндөмдүү студенттердиадеге магистратурага андан соң аспирантурага конкурстук негизде алынат. Окуу процесси 2 негизги компонентен турат: теориялык жана практикалык.

***Окуу – тала практикасы:***








***Илимий иш чаралар жана эл аралык байланыш***

Педагогикалык практикалар борбор калаанын мектептеринде өткөрүлүп турат. Жакшы жетишкендиктерге жана чет тилдеринде эркин сүйлөгөн студенттер окууну

- Германия,
- Россия,
- Турция,
- США,
- Япония,

Кытай университеттеринде улантып окушса болот.










***Туризм***













